Каттоо номери ______________
Кабыл алуу буйругу______________
Курсу__________ тайпасы __________

**Инновациялык технологиялар жана энергетика институтунда адисти даярдоо боюнча келишим №______**

«_____»____________2024-ж. Таш–Көмүр шаары

ИТЭИнин ректору биринчи тараптан ***х.и.к., доцент Барпыбаев Турдумамбет Рысбекович*** жана

______________________________________ же ______________________________________
(төлөөчүнүн фамилиясы, аты-жөнү) (төлөөчү ишкана, уюм, фирма ж.б.)

экинчи тараптан төмөнкү келишимди түзүштү.

**1. Келишимдин максаты**

1.1. 2024–2025 окуу жылында КР ЖОЖдоруна КР Министирлер кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 355 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуунун тартибине" ылайык ИТЭИге абитуриенттерди тиешелүү багыттарга студент катары каттоо жана келишимдин (акы төлөөнүн) негизинде квалификациялуу адистерди даярдоо.

**2. Эки тараптын милдеттери:**

2.1. ИТЭИнин милдеттери:

а) кирүү экзамендерин ийгиликтүү тапшырып, конкурстан өтүп жана I курстун күндүзгү окуу бөлүмү үчүн ***27000 (жыйырма жети миң )*** сом, ал эми сырттан окуу бөлүмү үчүн ***25000 (жыйырма беш миң ) сом***, келишимдин негизинде окуу акысын төлөө макулдашылгандан кийин абитуриент

______________________________________________
(Ф.А.А)

ИТЭИге ______________________________________багыты боюнча ________________ курска кабыл алуу;

б) тандалган даярдоо багыты боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык студентке талап кылынган шарттарды түзүү;

в) багыттын жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты боюнча түзүлгөн базалык окуу планынын толук курсун аяктагандан кийин бүтүрүүчүгө бекитилген мамлекеттик үлгүдөгү диплом берүү;

2.2. Студенттин (мекеме/ишкананын) окуу акысын төлөө боюнча милдеттери:

а) ИТЭИге каттоо буйругуна чейин биринчи курс үчүн окуу акысынын толук же (шартка ылайык арыздын негизи менен 50% ) төлөө;

б) экинчи курстан баштап күндүзгү бөлүмдө окугандар:

I жарым жыл үчүн 1–октябрга чейин,

II жарым жыл үчүн 1–мартка чейин,

- сырттан окуу бөлүмдөгүлөр үчүн кезектеги экзамендик сессиялардан бир ай мурда келишим боюнча окуу акысын төлөө милдеттендирилет;

2.3. Студенттин (мекеме/ишкананын) аткаруучу милдеттери:

а) тандап алган багыттын жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты жана талаптары боюнча белгиленген теориялык билимдерди, практикалык ык-машыгууларды системалуу түрдө терең өздөштүрүү;

б) ИТЭИ багыттын базалык окуу планы боюнча белгиленген иш-чараларды милдеттүү түрдө аткаруу жана окуу жайынын ички тартибин, жүрүм-турум эрежелерин сактоо;

в) жогорудагы пункттар толук аткарылбаса, анда студент кайрадан тикеленүү укугу менен (I-курстун студенттеринен башкасы) окуу жайдан чыгарылат жана мөөнөттөрүнө ылайык кошумча кызматтарга кеткен чыгымдарды, окуу акыларын толук төлөгөндөн кийин гана кайрадан тикеленүү укугуна ээ болот.

**3. Өзгөчө шарттар:**

3.1. Өзгөчө шарттарда, төлөөчүнүн кепилдик милдеттенмесинин (же жеке арызынын) негизинде институттун ректору тарабынан катталууга уруксат берет жана тиешелүү буйрук чыгарат.

Узартылган мөөнөт аяктаган учурга келишим боюнча окуу акысы төлөнбөсө, анда келишим жокко чыгарылат жана окутууга кеткен акча каражаты сот тарабынан өндүрүлөт;

3.2. Студент өз арызы менен окууну улантуудан баш тартса, анда окуу акысына болгон эсептөөлөр арыз берген күндөн баштап токтотулат. Студент өз арызын жазмайынча ИТЭИ себепсиз окуу жайдан чыгарбайт жана ошол окуу жылы үчүн окуу акысы төлөнөт;

3.3. Студент сабактан жетишпегендиги же ИТЭИнин бекитилген ички тартибин бузгандыгы боюнча окуу жайдан чыгарылса, анда ошол окуу жылы үчүн төлөнгөн акча каражаты кайтарылып берилбейт;

3.4. Экинчи курстан баштап ар бир окуу жылында окуу акысынын суммасы Институттун реалдуу чыгымдарына жана каражаттарына байланыштуу такталып, студенттерге маалымат берилип турат;

3.5. Акча каражаттары ИТЭИнин келишими бар тиешелүү банкка гана төлөнөт жана анын квитанциясы эсепканада катталат;

3.6. Эгерде студенттин окууга кирүү буйругу жасалма же жалган документтердин, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн фактылар байкалса, анда студент ошол күндөн тартып окуу жайдан чыгарылат жана төлөнгөн окуу акысынын суммасы кайтарылып берилбейт;

3.7. Чет элдик студенттердин окуу акысынын суммасы келишимдин негизинде 1,5 эсе көп болуп каралган.

## 4. Келишим мөөнөттөрү:

4.1. Келишим төмөнкү пункттар аткарылгандан кийин күчүнө кирет:
- абитуриент кирүү экзамендерин ийгиликтүү тапшырып, конкурстан өтсө;
- биринчи окуу жылы үчүн акы толук төлөнсө;
- студенттердин катарына каттоо буйругу чыкса;

4.2. Келишим эки тарап кол койгон күндөн баштап күчүнө кирет жана окуу курсу толук бүткөндөн кийин же студент окуу жайдан чыгарылган күндөн баштап мөөнөтү токтойт;

## 5. Кошумча шарттар:

5.1. Келишимдеги милдеттерди бузган тараптар мыйзам чегинде бирдей жооп беришет;

5.2. Келишим боюнча талаш–тартыштар мыйзам чегинде чечилет;

5.3. Окууга кабыл алуу жана окуу акысынын өлчөмүн белгилөө КР укуктук-ченемдик иш-кагаздарынын жана "ИТЭИнин адистерди келишим боюнча даярдоо жобосуна" негизделет;

## 6. Келишим эки нускада түзүлгөн:

6.1. Келишимдин бир нускасы студент (мекеме/ишкана) үчүн жана экинчи нуска ИТЭИ үчүн, эки тарап тең бирдей юридикалык күчкө ээ.

## 7. Тараптардын реквизиттери:

7.1. Инновациялык технологиялар жана энергетика институту
Дареги: Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад обл.
Таш-Көмүр шаары, Студенттер көчөсү 5.
Тел.: 0374550345
ИНН 02603201210092
Эсептик счету: 1360170000030433
E-mail: info@ *abbi*.kg

Студенттин же мекеме/ишкананын дареги ________________________________________
__________________________________________________________________________

## КЕЛИШИМГЕ КОЛ КОЙГОНДОР:

| | |
|---|---|
| ИТЭИнин ректору х.и.к., доцент Барпыбаев Т.Р. | Студент же мекеме/ишкананын башчысы |
| ________________________ | ________________________ |
| "_____"__________2024-ж. | "_____"__________2024-ж. |

Студенттин аты-жөнү_______________________________________________

Паспорту

Дареги ___________________________________________________________

Телефону__________________________________________________________

Электрондук дареги ________________________________________________